**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЧҮЙ РАЙОНУ**
**БУРАНА**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЧУЙСКИЙ РАЙОН**
**БУРАНИНСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Дөң-Арык а. с.Дон-Арык

Бурана айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги сессиясынын отуруму

# ТОКТОМ

2023-жыл « 28 » июль № 28

“Демилгелерди колдоо фонду жөнүндө” Жобону бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюжет кодексинин нормаларына, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамадарына ылайык,Бурана айылдык кеңеши токтом кылат:

ТОКТОМ

1. “Демилгелерди колдоо фонду жөнүндө” Жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Ушул токтом каттоого алынып, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберилсин.
3. Ушул токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштер боюнча мамлекеттик агенттигинин Түндүк аймактар аралык башкармалыгынын расмий веб-сайтына жарыялансын. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күндүн ичинде күчүнө кирет.
4. Ушул токтомдун аткарылышы жана көзөмөлгө алуу жагы Бурана айыл өкмөтүнүн башчысы Тенис уулу Бакайга милдеттендирилсин.

Төрага А.Б.Исагалиев

Таркатуу:көктөмө, а/ө башчысы -баардыгы 2 нуска

Бурана айылдык кеңешинин
2023-жылдын 28-июлундагы
№ 28 токтомуна тиркеме

**Демилгелерди колдоо фонду жөнүндө**
**ЖОБО**

Демилгелерди колдоо фонду жөнүндө Жобо (мындан ары – "Жобо") КР Бюджеттик кодексинин, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын ченемдерине ылайык иштелип чыкты жана жарандардын демилгелерин Бурана айылдык аймагынын жергиликтүү бюджетиндеги каражаттарынын эсебинен каржылоо тартибин аныктайт.

Демилгелерди колдоо фонду (мындан ары – Фонд) – бул Социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программасын ишке ашыруунун алкагында жеке жана юридикалык жактардын демилгеси боюнча жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн же максаттуу багыттагы башка иш-чараларды өткөрүү үчүн конкурстун негизинде тандалып алынган долбоорлорду каржылоого багытталган Бурана айыл аймагынын жергиликтүү бюджетиндеги акча каражаттары.

Бурана айыл аймагында жашаган же иш жүргүзгөн жергиликтүү жамааттын мүчөсүнүн (мүчөлөрүнүн), алардын бирикмелеринин, башка жеке жана юридикалык жактардын экономиканы өнүктүрүү, социалдык маселелерди чечүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган демилгелерин колдоо Фонддун максаты болуп саналат.

Эл аралык жана башка уюмдардын каражаттары, жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары Фондду түзүүнүн булагы боло алат. Бул үчүн мындай каражаттар жергиликтүү бюджеттин курамына демөөрчүлүк жардам же ыктыярдуу төгүмдөр катары киргизилиши керек.

Фонд юридикалык жактын статусуна ээ эмес.

Фонддун акча каражаттарынын жалпы көлөмү жыл сайын Бурана айылдык жергиликтүү кеңешинин чечими менен тиешелүү жылга жергиликтүү бюджеттин курамында трансферттерди эсептен чыгаруу менен жергиликтүү бюджеттин кирешесинен 5% кем эмес көлөмдө каралат.

Фондду өнүктүрүүгө арналган эл аралык жана башка уюмдардын каражаттары, жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары КР Бюджеттик кодексинин жоболоруна ылайык жергиликтүү бюджеттин атайын эсебине атайын каражат катары чегерилет (КР Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 8-пункту).

Фонддун каражаттарынын эсебинен каржылоо үчүн жергиликтүү кеңештин чечими менен жыл сайын тиешелүү жылга өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттары аныкталат жана алар бюджеттик (функционалдык)

багыттары аныкталат жана алар бюджеттик (функционалдык) классификациянын төмөнкүдөй бөлүмдөрүнө шайкеш келет: экономикалык маселелер, турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык коргоо, эс алуу, маданият, айлана-чөйрөнү коргоо ж.б.

Долбоорлорду каржылоо бюджеттик классификациянын элементтери боюнча чыгашаларды киргизүү менен жергиликтүү бюджетти аткаруунун тартибине ылайык жүзөгө ашырылат.

Фонддун акча каражаттары конкурстук негизде берилет.

Өтүнмөлөрдүн ээлери катары ушул Жобонун талаптарына ылайык долбоордук өтүнмө берген жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү, алардын бирикмелери, башка жеке жана юридикалык жактар чыга алышат.

Фонддун каражаттарынын эсебинен сатып алынган мүлк муниципалдык менчиктин объектиси болуп саналат жана аны башкаруу "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" КР Мыйзамынын жана жергиликтүү кеңеш бекиткен ченемдик, укуктук актылардын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

Фонд өз ишин мыйзамдуулук, ачыктык, айкындуулук жана жергиликтүү жамааттын алдында отчеттуулук, Фонддун каражаттарын максаттуу, сарамжалдуу пайдалануу жана натыйжалуу башкаруу принциптеринде жүзөгө ашырат.

Фонддун акча каражаттары төмөнкү милдеттерди чечүү үчүн багытталат:

Калктын аярлуу топторуна жана турмуштук оор кырдаалга кабылган адамдарга социалдык жактан колдоо көрсөтүү,

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү,

Муниципалдык-жеке өнөктөштүк долбоорлорун түзүү,

Экологиялык коопсуздукту жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды камсыз кылуу;

Билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык коргоо, маданият жана спорт мекемелеринин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын муниципалдык менчик объекттери менен материалдык-техникалык базаны чыңдоо;

Бурана айыл аймагын өнүктүрүүгө багытталган тышкы инвесторлордун, фонддордун, донордук уюмдардын долбоорлорун кошо каржылоо.

Фонддун эсебинен чыгымдардын төмөнкүдөй түрлөрүн каржылоого жол берилбейт: өтүнмө берген тарапка эмгек акы же башка сый акы төлөөгө, камсыздандыруу төгүмдөрүн, салыктарды, жыйымдарды төлөөгө, насыялар жана зайымдар боюнча милдеттенмелерди тындырууга жана тейлөөгө, ошондой эле жергиликтүү демилгени ишке ашыруу менен түздөн-түз байланышпаган башка чыгымдарга.

Конкурс жөнүндө кулактандыруу берүүнүн, каттоонун, долбоордук өтүнмөлөрдү тандоонун тартиби "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоонун жана каржылоонун тартиби жөнүндө" Типтүү жобонун негизинде ишке ашырылат. Аталган Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу

иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2019-жылдын 5-сентябрындагы №01-18/84 буйругу менен бекитилген.

Долбоордук өтүнмөлөрдү тандоо Фондду кийинки жылга каржылоого пландалган болжолдуу сумманын чегинде жүргүзүлөт. Болжолдуу көрсөткүч бюджеттик календарга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары КР Финансы министрлигинин аймактык бөлүмдөрүнө жиберген жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбооруна жараша аныкталат.

Өтүнмө берүүчү долбоорду жарандардан, демөөрчүлөрдөн, донорлордон тартылган каражаттар менен Фонддон суралган сумманын 5% кем эмес өлчөмдө кошо каржылоону камсыз кылат.

Өтүнмө ээси бул каражаттарды Бурана айыл аймагынын жергиликтүү бюджеттин атайын эсебине ыктыярдуу салым катары которот.

Бурана айыл өкмөтү долбоорлор боюнча товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуунун жол-жобосун мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдардын талаптарына ылайык жүргүзөт.

Тендердик комиссиянын курамына байкоочу катары өтүнмө ээсинин өкүлү милдеттүү түрдө киргизилет.

Сатып алуулардын жыйынтыгы боюнча келишим түзүүдө Фонддун каражаттарынын эсебинен транштар менен каржылоо каралат. Мында биринчи транштын же алдын ала төлөөнүн өлчөмү келишимде көрсөтүлгөн бюджеттин көлөмүнүн 20% ашпоого тийиш.

Долбоорду каржылоо өтүнмө ээси Бурана айылдык аймагынын жергиликтүү бюджетине долбоордук өтүнмөдө көрсөтүлгөн өлчөмдө өз салымын киргизгенден кийин башталат.

Биргелешкен мониторинг актыларынын болушу подрядчы менен келишимдерди аткаруу боюнча кезектеги транштарды каржылоо үчүн милдеттүү шарт болуп саналат.

Эгерде узап бараткан жылы Фонддун акча каражаттары толук көлөмдө өздөштүрүлбөсө, анда өтмө калдык кийинки жылга Фонддун акча каражаттарынын көлөмүнө кошулат.

Бурана айылдык кеңешинин төрагасы А.Б.Исагалиев